**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

28.11.2023 № 1422

Бишкек ш.
г.Бишкек

## Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин акы төлөө негизинде көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтарынын баа прейскуранты жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө" жана "Медициналык буюмдарды жүгүртүү жөнүндө" Мыйзамдарын ишке ашыруу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы №289 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомун ишке ашыруу максатында жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 "Акы төлөтүүчү кызмат көрсөтүүлөргө (иштерге) тарифтерди (баа) түзүүнүн методикасы жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Тартипке ылайык, **буйрук кылам:**

1. Тиркелген Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин акы төлөө негизинде көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтарынын баа прейскуранты (мындан ары – Прейскурант) бекитилсин;
2. Ата мекендик дары каражаттарын, медициналык буюмдарын өндүрүүчүлөрүнө медициналык колдонуу үчүн дары каражаттарын өндүрүүчүлөрдүн, медициналык буюмдарын өндүрүүчүлөрдүн ишин юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү жана келишимдери боюнча баалоо Прейскуранттын 1 жана 2 бөлүмдөрүндө белгиленген баанын 10%ын түзгөн баасы аныкталсын.
3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Саламаттык сактоо министринин орун басары А.Э. Шамбетовага жүктөлсүн.

**Министр** **А.С. Бейшеналиев**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин акы төлөө негизинде көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтарынын баа прейскуранты жөнүндө**

№1422 28.11.2023-ж.

**Аткаруучулар:**

| | |
|---|---|
| ДКжМБДинин директору | М.К. Джанкорозова |
| МЖУжДСБнын начальниги | Н.С. Ибраева |
| МЖУжДСБнын бөлүм башчысы | А.А. Boобекова |

**Макулдашылды:**

| | |
|---|---|
| Министрдин орун басары | М.А. Исмаилов |
| Министрдин орун басары | А.Э. Шамбетова |
| Министрдин орун басары | ком-ка Б.К. Арыкбаева |
| Министрдин орун басары | Б.И. Джангазиев |
| АРИКДжУКБнын начальниги | Э.К. Боронбаева |
| АРИКДжУКБнын башкы адиси | А.С. Сейитказиев |
| жет. адиси | Н.Л. Сотолгонова |

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ ЖӨНГӨ САЛУУ КЫЗМАТЫ** | **СЛУЖБА АНТИМОНОПОЛЬНОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2023-ж. 15-ноябрь №60

**Бишкек шаары**
**гор. Бишкек**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматынын тарифинин прейскурантын макулдашуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жөнүндө жобонун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү" токтомунун, берилген материалдардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо" тартибине ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтардын тарифтеринин прейскурантын (мындан ары – Прейскурант) тиркемеге ылайык 2025-жылдын 1-мартына чейин убактылуу макулдашылсын.

2. Берилген материалдардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо

0000814

министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин жетекчисине жүктөлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти:

- Прейскурантты белгиленген тартипте бекитсин жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына берсин;
- мамлекеттик жана расмий тилдердеги Прейскурантты керектөөчүлөр үчүн көрүнүктүү жерге жайгаштырсын.

4. Прейскурант бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Жөнгө салынуучу чөйрөлөр башкармалыгы (Кокошеров):

- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги биринчи нускасын адам ресурстарын башкаруу, документтер менен камсыздоо жана мамлекеттик тил бөлүмүнө сактоого өткөрүп берсин;
- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги экинчи нускасын Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментине жиберсин;
- бул буйрук менен кабыл алынган чечим тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын расмий сайтына жайгаштырсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын төрагасынын орун басары **Ж.Б. Орозбаевге** жүктөлсүн.

**Төрага** **Г.К. Асылбаева**

Макулдашылды:
Кыргыз Республикасынын Экономика
жана коммерция министрлигине караштуу
Монополияга каршы жөнгө салуу
кызматынын төрагасы

____________ Г.К. Асылбаева

№ ________ буйрук

«15» ноябрь 2023 жыл

Буйрук №60

Бекитем:
Кыргыз Республикасынын Саламаттык
сактоо министри

____________ А.С. Бейшеналиев

№ 1422 буйрук

«28» ноябрь 2023 жыл

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин акы төлөө негизинде көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтарынын баа прейскуранты**

| № п/п | Кызматтын аталышы | Өлчөө бирдиги | Кызматтын баасы, сом |
|---|---|---|---|
| **Медициналык колдонуу үчүн дары каражаттарын өндүрүүчүлөрдүн, медициналык буюмдарды өндүрүүчүлөрдүн жана юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү жана келишимдери боюнча дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды дүң сатуу уюмдарынын ишин баалоо** | | | |
| **1. Медициналык колдонуу үчүн дары каражаттарын өндүрүүчүлөрдүн ишин юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү жана келишимдери боюнча баалоо** | | | |
| 1.1. | Медициналык колдонуу үчүн дары каражаттарын өндүрүүчүлөрдүн ишин өндүрүш аянтына баруу же аралыктан өз ара аракеттенүү каражаттарын колдонуу менен баалоо (фармацевтикалык инспекция) | 1 баалоо (инспекция) | 291 407 |
| 1.2. | Ар бир кошумча өндүрүш линиясын баалоо | 1 баалоо (инспекция) | 87 392 |
| 1.3. | Өндүрүштүк процесстин бөлүгү жүргөн ар бир аймакты баалоо | 1 баалоо (инспекция) | 87 392 |
| 1.4. | Түзөтүүчү жана алдын алуучу иш-чаралардын планын, анын аткарылышы жана аныкталган дал келбестиктерди четтетүүнүн далилдери жөнүндө отчётту баалоо (зарыл болгон учурда) | 1 баалоо (инспекция) | 73 385 |
| **2. Медициналык буюмдарды өндүрүүчүлөрдүн ишин юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү жана келишимдери боюнча баалоо** | | | |
| 2.1. | Өндүрүштүк аймакка баруу менен медициналык буюмдарды өндүрүүчүлөрдүн ишин юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү жана келишимдери боюнча баалоо | | |
| 2.1.1. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 5-49 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 163 821 |
| 2.1.2. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 50-99 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 168 693 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1.3. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 100-199 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 173 565 |
| 2.1.4. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 200-499 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 178 437 |
| 2.1.5. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 500-999 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 183 309 |
| 2.1.6. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 1000-1999 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 188 181 |
| 2.1.7. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 2000-4999 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 193 053 |
| 2.1.8. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 5000 адамдан жогору болсо | 1 баалоо (инспекция) | 197 925 |
| 2.2. | Аралыктан өз ара аракеттенүү каражаттарын колдонуу менен медициналык буюмдарды өндүрүүчүлөрдүн ишин юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү жана келишимдери боюнча баалоо | | |
| 2.2.1. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 5-49 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 153 772 |
| 2.2.2. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 50-99 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 158 644 |
| 2.2.3. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 100-199 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 163 516 |
| 2.2.4. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 200-499 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 168 388 |
| 2.2.5. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 500-999 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 173 260 |
| 2.2.6. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 1000-1999 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 178 132 |
| 2.2.7. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 2000-4999 адам болсо | 1 баалоо (инспекция) | 183 004 |
| 2.2.8. | Кызматкерлердин иш жүзүндөгү саны 5000 адамдан жогору болсо | 1 баалоо (инспекция) | 187 876 |
| 2.3. | Дал келбөөчүлүктөрдү четтетүү боюнча түзөтүүчү иш-аракеттерди контролдоону баалоо (зарыл болгон учурда) | 1 баалоо (инспекция) | 47 806 |
| **3. Юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү жана келишимдери боюнча дары каражаттарын дүң сатуу уюмдарынын ишин баалоо** | | | |
| 3.1. | Юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү жана келишимдери боюнча дары каражаттарын дүң сатуу уюмдарынын ишин баалоо (фармацевтикалык инспекция) | 1 баалоо (инспекция) | 108 402 |
| 3.2. | Түзөтүүчү жана алдын алуучу иш-чаралардын планын, анын аткарылышын жана аныкталган дал келбестиктерди четтетүүнүн далилдери жөнүндө отчётту баалоо (зарыл болгон учурда) | 1 баалоо (инспекция) | 34 713 |

*Эскертүүлөр:*

1. Инспекция учурунда тандалып алынган (зарыл болгондо) материалдардын жана продукциянын (дары каражаттардын жана медициналык буюмдардын) үлгүлөрүн (сынамдарын) лабораториялык сыноо баасы медициналык колдонуу үчүн дары

каражаттарын өндүрүүчүлөрдүн, медициналык буюмдарды өндүрүүчүлөрдүн, юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөлөрү жана келишимдери боюнча дары каражаттарын дүн сатуу уюмдарынын ишин баалоо (инспекция) кызматтарынын баасына кирбейт жана дары каражаттарын жана медициналык буюмдарын лабораториялык сыноолордон өткөрүүгө болгон Прейскурантына ылайык арыз ээси тарабынан кошумча төлөнөт.

2. Иш сапары менен байланышкан чыгашалар, мисалы: жатакана, медициналык камсыздандыруу, визаларды тариздөө, инспекциялоочу жерге чейин баруу жана кайтуу, анын ичинде Бишкек шаарындагы аэропортко чейин баруу жана кайтуу, аэропорттон жашаган жерине чейин баруу жана кайтуу, жашаган жеринен инспекцияланчу аймакка чейин баруу жана кайра кайтуу, котормочунун кызматы, кызмат көрсөтүүнүн баасына кирбейт жана арыз ээси тарабынан камсыздалат.

3. Инспекторлордун иш сапарында болгон күндөрү үчүн күнүмдүк чыгымдары кызмат көрсөтүүнүн баасына кирбейт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген өлчөмдө төлөө үчүн көрсөтүлгөн эсептин негизинде Департаменттин банктык эсебине арыз ээси тарабынан төлөнөт.

4. Эгерде дары каражаттарын, медициналык буюмдарын өндүрүү ар кандай даректерде жайгашкан өндүрүш аянтында жүргүзүлсө, ар бир өндүрүш аянтына карата медициналык колдонуу үчүн дары каражаттарын, медициналык буюмдарын өндүрүүчүлөрдүн ишин баалоо (инспекция) кызматы жүргүзүлөт.

5. Эгерде дары каражаттарын дүң сатуу иш аракети ар кандай даректерде жүргүзүлсө, ар бир дистрибьюция объектисине карата дары каражаттарын дүң сатуу уюмдарынын ишин баалоо (инспекция) кызматы жүргүзүлөт.

6. Ата мекендик дары каражаттарын, медициналык буюмдарын өндүрүүчүлөрү үчүн медициналык колдонуу үчүн дары каражаттарын өндүрүүчүлөрдүн, медициналык буюмдарын өндүрүүчүлөрдүн ишин юридикалык жана жеке жактардын өтүнмөлөрү жана келишимдери боюнча баалоо Прейскуранттын 1 жана 2 бөлүмдөрүндө белгиленген баалоо бааасынын 10%ын түзөт.

**ДКжМБД директору** **М.К. Джанкорозова**

**ЭжКС башчысы - башкы бухгалтер** **Клычева Э.Т.**

Прошнуровано на 10 л.